# Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясы

## 2025-жылында Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясында аткарылган иштер

www.kmka.kg

Станбаев Озгонбай Тиллабаевич

# Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясы

2025-жылга карата Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясынын жылдык иш планы талкууланып, бекитилген жана жыл ичине пландалган иштер аткарылды.




# 2025-жылы өткөрүлгөн жыйындар

2025-жылдагы Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясынын жалпы жыйыны онлайн/офлайн форматта өткөрүлдү.






# 2025-жылы өткөрүлгөн семинар тегерек столдор




**2025-жыл 1-апрель күнү Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясынын "Билим берүү стандарттарын кайра карап чыгуу боюнча укуктук ченемдик актыларынын негиздери" темасында семинары болду. Семинарда ассоциациянын төрагасы Ө.Т.Станбаев Билим берүү стандарттарын түзүүдө колдонулган укуктук ченемдик актылар боюнча маалымат берди. Семинарда маселелер медициналык колледждердин директорлору, билим берүү стандарттарын түзүүчүлөр менен биргеликте талкууланды.**



**2025-жылдын 15-апрель күнү А.Молдогазиев атындагы Бишкек медициналык колледжи "Орто кесиптик окуу жайында студенттерди медициналык профилде окутуунун жана тарбиялоонун заманбап усулдары" аталышында тегерек стол уюштурду. Тегерек столго медициналык колледждердин методистери, окуу-бөлүм башчылары жана окутуучулар катышышты. Тегерек столдун максаты тажрыйба алмашуу, учурдагы билим берүүдөгү көйгөйлөрдү талкуулоо. Катышуучулар Бишкек медициналык колледжинин окуу базасы менен таанышты.**



# 2025-жылы өткөрүлгөн семинар тегерек столдор





Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2024-жылыдын 8-июлундагы №371 “Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын макетин бекитүү жөнүндө” токтомунун негизинде ССМ 11.04.2025 №385 буйругу менен 16-апрель күнү Бишкек шаарында “Орто медициналык билим берүүдөгү адистиктердин мамлекеттик билим берүү стандарттарын кайра карап чыгуу боюнча” тегерек стол өттү.







**2025-жылдын 17-апрелинде Бишкек шаарында Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министри Э.М. Чечебаев жана Кыргызстандын медициналык колледждер ассоциациясынын директорлору менен жумушчу жолугушуу болуп өттү. Жолугушууга Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Финансылык саясат башкармалыгынын жана Медициналык билим берүү жана илим департаментинин өкүлдөрү катышты. Жолугушуунун негизги темасы – Кыргыз Республикасында орто медициналык билим берүүнүн учурдагы абалы жана өнүгүү келечеги болду.**

**Министр Э.М. Чечебаев финансы жана билим берүү бөлүмдөрүнө медициналык колледждердин окутуучуларынын эмгек акысын жогорулатуу боюнча тиешелүү нормативдик актыларды иштеп чыгуу тапшырмасын берди.**





**2025-жылдын 21–25-апрель күндөрү** Бишкек шаарында **Бишкек медициналык колледжинин** базасында “**Орто медициналык персоналды окутууда иммунизациядагы коммуникация көндүмдөрү**” аталышында беш күндүк тренинг болуп өттү.

**Бул тренингге өлкөбүздүн бардык аймактарынан келген медициналык колледждердин тажрыйбалуу окутуучулары катышып**, заманбап билим берүү методдорун, өзгөчө иммунизация багытындагы коммуникациялык көндүмдөрдү өркүндөтүштү. Окутуучулар теориялык гана эмес, практикалык көндүмдөрдү да өздөштүрүшүп, студенттерге эффективдүү окутуунун жаңы ыкмаларын үйрөнүштү.

.





## Эл аралык медайымдар форуму 2025

**Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо тармагындагы эң маанилүү окуялардын бири болгон “Эл аралык медайымдар форуму – 2025” Бишкек шаарында 12-май күнү ийгиликтүү өткөрүлдү.**

**Форумга максаты — медайымдык ишти өнүктүрүү, билим берүү жана тажрыйба алмашуу, саламаттыкты сактоо системасындагы медайымдардын ролун бекемдөө болуп саналат. Форумдун негизги багыттары төмөнкүлөр болду:**

- **Медайымдык билим берүүнү жаңылоо жана реформалоо;**
- **Клиникалык практикадагы mentorship (наставничество) тажрыйбасы;**
- **Жаш медайымдардын карьералык мүмкүнчүлүктөрү;**
- **Санариптештирүү жана жасалма интеллекттин ролу медайымдык иште;**

**Форумдун алкагында мастер-класстар, секциялык талкуулар, таанышуу көргөзмөлөрү өткөрүлүп, медайымдардын кесиптик өнүгүүсүнө арналган мыкты баяндамалар көрсөтүлдү.**

**Форумдун жыйынтыгы менен резолюция кабыл алынып, медайымдык билим берүүнү өркүндөтүүгө багытталган сунуштар Саламаттыкты сактоо министрлигине жана билим берүү мекемелерине жөнөтүлдү.**



.

## Талас медициналык колледжине – 70 жыл!

2025-жылдын 16-17-май күндөрү Талас шаарында Кыргызстандын саламаттыкты сактоо жана билим берүү тармагындагы көрүнүктүү билим берүү мекемелеринин бири болгон Талас медициналык колледжи өзүнүн 70 жылдык маарекесин белгиленди.

Иш-чара салтанаттуу маанайда өтүп, ага Саламаттыкты сактоо министрлигинин өкүлдөрү, жергиликтүү бийлик органдарынын жетекчилери, медициналык билим берүү уюмдарынын жетекчилери, колледждин бүтүрүүчүлөрү жана кызматкерлери, ошондой эле Кыргызстандын медициналык колледждеринин Ассоциациясынын мүчөлөрү катышышты.

1955-жылы негизделгенден бери Талас медициналык колледжи аймактагы гана эмес, бүтүндөй республикадагы саламаттыкты сактоо системасы үчүн өтө маанилүү кадрлардын булагына айланган.




.



# Талас медициналык колледжине – 70 жыл!












## Негизги орто билимди бүтүргөндөн кийин окууга кабыл алуу боюнча тегерек стол болду

**2025-жыл 3-июнь күнү Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинде Кара-Балта шаарынын медициналык колледжи, И.К. Ахунбаев атындагы медициналык колледжи, Токмок медициналык колледжи, ОшМУга караштуу Өзгөн эл аралык медициналык колледжи, Кыргызстандын медициналык колледждер ассоциациясынын (КМКА) төрагасы, жогоруда аталган колледждердин бүтүрүүчүлөрү, Саламаттык сактоо министрлигинин өкүлдөрү жана башка кызыкдар тараптардын катышуусунда тегерек стол болуп өттү.**

**Жыйында жалпы билим берүүнүн 12 жылдык системасына өтүүгө байланыштуу негизги орто билимди бүтүргөндөн кийин окууга кабыл алууну калыбына келтирүү жана окутуунун мөөнөттөрү боюнча маселелер каралды. Ошондой эле, жаңы окуу программасын ишке киргизүү, окутуунун өзгөртүлгөн мөөнөттөрүнө ылайыкташтыруу жана орто медициналык билим берүүнү реформалоонун башка актуалдуу маселелери талкууланды.**

**Жыйынтыгында талкууланган сунуштар Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине жөнөтүлдү.**

# “Медициналык айым иши” адистиги боюнча пилоттук программанын жыйынтыгы талкууланды

***2025-жыл 7-июль* — Кыргызстанда орто медициналык билим берүүдө жаңы баскычты баштаган “Медициналык айым иши” адистиги боюнча пилоттук программанын жыйынтыгын боюнча Б.Скеласавич, Г.Орозалиева, А.Мамбетова, КМКАнын төрагасы жана пилоттук колледждердин директорлору менен онлайн жыйын болуп өттү.**

**Иш-чараны Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги, Билим берүү жана илим министрлиги жана Кыргызстандагы медициналык колледждердин Ассоциациясы биргеликте уюштурушту.**

## Пилоттук программаны ишке ашыруунун максаты

**Программа 2022-2025-жылдар аралыгында ишке ашырылып, анын негизги максаттары төмөнкүлөр болду:**

**- Орто медициналык билим берүүнү эл аралык стандарттарга жакындатуу;**
**- Студенттердин кесиптик жөндөмдүүлүктөрүн практикалык шартта чыңдоо;**
**- Медайымдык билим берүүдө заманбап педагогикалык технологияларды жана IT чечимдерди колдонуу.**

# “Медициналык айым иши” адистиги боюнча пилоттук программанын жыйынтыгы талкууланды




**Жыйындын жүрүшүндө төмөнкү темалар талкууланды:**

- **Программанын ишке ашуу этаптары жана ал аркылуу жетишилген жыйынтыктар;**
- **Студенттердин окуудагы жетишкендиктери жана практикадан алган тажрыйбалары;**
- **Окутуучулардын, клиникалык насаатчылардын ой-пикирлери;**




- **Электрондук билим берүү платформаларын жана санариптик ресурстарды колдонуу натыйжалуулугу;**
- **Программанын кемчиликтери жана аларды жоюу боюнча сунуштар.**

**Жыйынтык**

**Иш-чаранын жыйынтыгында катышуучулар пилоттук программаны өлкө боюнча толук масштабда киргизүү сунушун билдиришти. Ошондой эле медайымдык билим берүүнү өркүндөтүү боюнча бир катар иш-чаралар жана сунуштар иштелип чыкты.**

**Кыргызстандагы медициналык колледждердин Ассоциациясы мындай жыйындарды үзгүлтүксүз өткөрүп, медициналык билим берүүнү өнүктүрүүгө активдүү салым кошо берерин билдирди.**

## “Медициналык айым иши” адистиги боюнча пилоттук программанын жыйынтыгы боюнча тегерек стол

2025-жылдын 11-ноябрында Бишкек шаарында Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин, "КР медициналык билим берүүүн реформалоо" долбоорунун өкүлдөрүнүн, ошондой эле пилоттук медициналык колледждердин директорлорунун катышуусунда "Медициналык айым иши" адистиги боюнча пилоттук эксперименттик программанын жыйынтыгы боюнча тегерек стол болуп өттү.

Жыйындын жүрүшүндө эксперименттик программаны ишке ашыруунун жыйынтыктары талкууланып, катышуучулардын сунуштары жана сын-пикирлери эске алынды. Талкуунун жыйынтыгында бир добуштан төмөнкүдөй чечим кабыл алынды:

1. Эксперименттик программа ийгиликтүү аяктады деп таанылсын.

2. Бардык медициналык колледждерге программаны киргизүү үчүн "Медициналык айым иши" адистиги боюнча Мамлекеттик билим берүү стандартын кайра карап чыгуу жана жаңыртуу боюнча жумушчу топ түзүлсүн.



## «Медициналык айым иши» адистиги боюнча мамлекеттик стандарттарды кайра кароо боюнча жумушчу топтун жыйыны өттү

**Бишкек шаарында КМКАнын 20.11.25 №18-25 буйругунун негизинде 3-5-декабрь күндөрү «Медициналык айым иши» адистиги боюнча пилоттук эксперименталдык программаны жыйынтыктоо жана анын оң жыйынтыктарын азыркы учурда окутулуп жаткан базалык окуу планына интеграциялоо боюнча жумушчу топтун жыйыны өткөрүлдү.**

**Иш-чаранын негизги максаты — эксперименталдык программадагы жакшы тажрыйбаларды жана компоненттерди КР Министрлер Кабинетинин №371 токтомуна ылайык түзүлгөн Мамлекеттик билим берүү стандартына шайкеш келтирилген жаңыланган окуу планга киргизүү болуп эсептелет.**

**Жыйынга катышкан тараптар:**

- **Саламаттык сактоо министрлигинин өкүлдөрү;**
- **Иш берүүчүлөр жана клиникалык насаатчылар;**
- **Профессионалдык ассоциациянын өкүлдөрү;**
- **ОшМУнун бакалавриат жана ВСО программаларынын окутуучулары;**
- **Бардык медициналык колледждер (Zoom аркылуу).**






## “Медициналык айым иши” адистиги боюнча пилоттук программанын жыйынтыгы

2025—жылдагы эң негизги жетишкендиктерибиздин бири “Медициналык айым иши” адистиги боюнча пилоттук программанын жыйынтыкталып, окуу процессинин практикалык багыттуулугун жогорулатуу, клиникалык компетенцияларды калыптандыруу жана эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү багытында өзүнүн оң натыйжаларын көрсөттү.

Пилоттук программанын жыйынтыктарын эске алуу менен, 2026-жылдын сентябрынан баштап медициналык колледждердин окуу процессине төмөнкү чараларды киргизүү белгиленди:

- Пилоттук программанын оң жыйынтыктарын бардык негизги окуу программаларына интеграциялоо;
- Окуу пландарын жана силлабустарды кайра карап чыгып, практикага багытталган компоненттердин үлүшүн жогорулатуу;
- Клиникалык насаатчылык институтун кеңейтүү жана студенттердин практикалык даярдыгын күчөтүү;
- Мамлекеттик стандарттарга жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №371 токтомуна ылайык окуу пландарын актуалдаштыруу.


КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ЗДРАВООХРАНЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**

**ПРИКАЗ**

_______________ № _______ Бишкек ш.

**«Медайымдык иш» адистиги боюнча пилоттук эксперименталдык программасынын аяктагандыгы жөнүндө**

Кыргыз Республикасында «Медициналык билим берүүнү реформалоо» долбоору (Фаза III, 2021–2024) аяктагандыгына жана Швейцариялык Конфедерациянын Өкмөтү менен өнүктүрүү жана кызматташуу боюнча Швейцариялык агенттиги менен түзүлгөн келишимдин алкагында, ошондой эле беш медициналык колледжде «Медайымдык иш» адистиги боюнча пилоттук эксперименталдык программаны жыйынтыктоо максатында **буйрук кылам:**

1. 2022-жылдын апрель айынан 2025-жылдын сентябрь айына чейинки мезгилде 5 медициналык колледждин базасында ишке ашырылган «Медайымдык иш» адистиги боюнча пилоттук эксперименталдык программа аякталды деп эсептелсин.
2. Окуу-методикалык кеңеш «Медайымдык иш» адистиги боюнча Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыккан окуу планына эксперименталдык пилоттук программанын жыйынтыктарын эске алуу менен өзгөртүүлөрдү киргизип, И.А. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясына караштуу окуу-методикалык бирикмесине жөнөтүүнү камсыз кылсын.

**Мөөнөтү: 2026-жылдын 1-мартына чейин.**

3. И.А. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясына караштуу окуу-методикалык бирикмеси Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыккан «Медайымдык иш» адистиги боюнча окуу планын эксперименталдык пилоттук программанын жыйынтыктарын эске алуу менен карап бекитсин.

**Мөөнөтү: 2026-жылдын 1-апрелине чейин.**

1. Медициналык колледждер 2026-2027-окуу жылында "Медайымдык иш" адистиги боюнча мамлекеттик стандартка ылайык каралган окуу планын ишке киргизишсин.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 1294, 29.12.2025 Кол койгон: Досмамбетов К.М.

2. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2022-жылдын 19-апрелиндеги №484 «Медайымдык иш» адистиги боюнча пилоттук эксперименталдык программаны бекитүү жөнүндө буйругу күчүн жоготту деп табылсын.
3. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин биринчи орун басары А.Т. Маткеримовго жүктөлсүн.


**Министр** **К.М. Досмамбетов**

## “Медициналык айым иши” адистиги боюнча пилоттук программанын жыйынтыгы

2025—жылдагы эң негизги жетишкендиктерибиздин бири “Медициналык айым иши” адистиги боюнча пилоттук программанын жыйынтыкталып, окуу процессинин практикалык багыттуулугун жогорулатуу, клиникалык компетенцияларды калыптандыруу жана эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү багытында өзүнүн оң натыйжаларын көрсөттү.

Пилоттук программанын жыйынтыктарын эске алуу менен, 2026-жылдын сентябрынан баштап медициналык колледждердин окуу процессине төмөнкү чараларды киргизүү белгиленди:

- Пилоттук программанын оң жыйынтыктарын бардык негизги окуу программаларына интеграциялоо;
- Окуу пландарын жана силлабустарды кайра карап чыгып, практикага багытталган компоненттердин үлүшүн жогорулатуу;
- Клиникалык насаатчылык институтун кеңейтүү жана студенттердин практикалык даярдыгын күчөтүү;
- Мамлекеттик стандарттарга жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №371 токтомуна ылайык окуу пландарын актуалдаштыруу.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ЗДРАВООХРАНЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**

**ПРИКАЗ**

__________ № ______ Бишкек ш.

**«Медайымдык иш» адистиги боюнча пилоттук эксперименталдык программасынын аяктагандыгы жөнүндө**

Кыргыз Республикасында «Медициналык билим берүүнү реформалоо» долбоору (Фаза III, 2021–2024) аяктагандыгына жана Швейцариялык Конфедерациянын Өкмөтү менен өнүктүрүү жана кызматташуу боюнча Швейцариялык агенттиги менен түзүлгөн келишимдин алкагында, ошондой эле беш медициналык колледжде «Медайымдык иш» адистиги боюнча пилоттук эксперименталдык программаны жыйынтыктоо максатында **буйрук кылам:**

1. 2022-жылдын апрель айынан 2025-жылдын сентябрь айына чейинки мезгилде 5 медициналык колледждин базасында ишке ашырылган «Медайымдык иш» адистиги боюнча пилоттук эксперименталдык программа аякталды деп эсептелсин.
2. Окуу-методикалык кеңеш «Медайымдык иш» адистиги боюнча Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыккан окуу планына эксперименталдык пилоттук программанын жыйынтыктарын эске алуу менен өзгөртүүлөрдү киргизип, И.А. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясына караштуу окуу-методикалык бирикмесине жөнөтүүнү камсыз кылсын.

**Мөөнөтү: 2026-жылдын 1-мартына чейин.**

3. И.А. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясына караштуу окуу-методикалык бирикмеси Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыккан «Медайымдык иш» адистиги боюнча окуу планын эксперименталдык пилоттук программанын жыйынтыктарын эске алуу менен карап бекитсин.

**Мөөнөтү: 2026-жылдын 1-апрелине чейин.**

1. Медициналык колледждер 2026-2027-окуу жылында "Медайымдык иш" адистиги боюнча мамлекеттик стандартка ылайык каралган окуу планын ишке киргизишсин.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 1294, 29.12.2025 Кол койгон: Досмамбетов К.М.

2. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2022-жылдын 19-апрелиндеги №484 «Медайымдык иш» адистиги боюнча пилоттук эксперименталдык программаны бекитүү жөнүндө буйругу күчүн жоготту деп табылсын.
3. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин биринчи орун басары А.Т. Маткеримовго жүктөлсүн.

**Министр** **К.М. Досмамбетов**

# КМКА жана медициналык колледждер катышкан конференциялары



2025-жыл 6-февраль күнү болгон "Жогорку билим берүүдөгү өнүгүү жана инновация тенденциялары" аталышында Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо боюнча агентигинин маалыматтык иш чарага КМКАнын төрагасы Ө.Т.Станбаев, ББПУААнин өкүлдөрү, иш берүүчүлөр жана программа жетекчилер катышышты.

2025-жылдын 21-22-февраль күндөрү Казакстан Республикасынын Шымкент шаарынын "№ 2 шаардык ооруканасы" Саламаттык сактоо башкармалыгынын "Медайымдык ишти өнүктүрүү: жетишкендиктер жана көйгөйлөр" темасында медициналык айымдардын эл аралык конференциясы өтүүдө. 21-февраль күнү КМКАнын төрагасы Ө.Т.Станбаев "Кыргыз Республикасындагы медайымдык иш боюнча пилоттук эксперименталдык программанын жыйынтыктары жана келечеги" темасында доклад жасады. 22-февраль күнү Бишкек медициналык колледжинин окуу иштери боюнча директордун орун басары Байдалиева Анар Оморовна "А. Молдогазиев атындагы Бишкектеги медициналык колледжинде медайымдык билим берүүнүн калыптануу тарыхы жана инновациялык технологиялары темасында доклад окууду.





**Ош мамлекеттик университетинин медициналык колледжинин директору З.С.Арынов жана анын тарбия иштери боюнча орун басары Исманалиева Жылдыз Абдимиталиповна 2025-жылдын 7-11-апрель күндөрү Германия Федеративдүү Республикасына иш сапар менен барып келишти. Бул сапар Европа Биримдигинин билим берүү тармагындагы мобилдүүлүк программасынын алкагында уюштурулган.**








**Кытай менен Кыргызстандын ортосундагы медициналык билим берүү интеграциясын тереңдетүү, эл аралык ресурстарды биргелешип пайдаланууга көмөктөшүү темасындагы кесиптик билим берүү жаатындагы кызматташтык боюнча конференцияга Жалал-Абад медициналык колледжинин директору У.Парханова катышып келди. Кытай Республикасынын Ганьнань медициналык колледжи менен меморандумга кол коюлду.**



**2025-жылдын 11-ноябрь күнү К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинде “Санариптик өзгөрүүлөр жана адам капиталы: келечеги, заман чакырыктары” аталышындагы “Тынчтык жана өнүгүү үчүн Бүткүл дүйнөлүк илим күнүнө” арналган VI Токтомаматов окуулары аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияга КМКАнын өкүлдөрү катышып, доклад окушту. К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин медициналык колледжинин директору жана жамааты иш чараны жогорку деңгээлде өтүшүнө чоң салым кошушту..**






# Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясы “Мээрбан” мобилдик тиркемесин ишке киргизди

Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясы заманбап санариптик технологияларга негизделген жаңы долбоорун – “Мээрбан” мобилдик тиркемесин 2025-жылдын 16-апрель күнү Бишкек шаарында өткөн медициналык колледждердин директорлору катышкан тегерек столдо презентациясы боюнча семинар болсо, медициналык колледждерге тынымсыз онлайн семинарлар уюштурулуп, коомчулукка тааныштырып, расмий түрдө ишке киргизди.

“Мээрбан” билим берүү процессин санариптештирүүгө, окуу материалдарын бирдиктүү платформада жайгаштырууга жана колледждер аралык байланыштарды бекемдөөгө багытталган.

Тиркемеде төмөнкү мүмкүнчүлүктөр каралган:

- Электрондук китепкана: студенттер жана мугалимдер үчүн жеткиликтүү окуу материалдар жана китептер.
- Жаңылыктар жана кулактандыруулар: ассоциацияга мүчө колледждердин иш-чаралары, жаңылыктары боюнча ыкчам маалымат алуу.
- Кесиптик багыт берүү: студенттер үчүн медициналык кесиптер
- тууралуу маалымат, адистик тандап алуу боюнча жардам.

## «Мээрбан» электрондук тиркемесинин ишке ашырылыш жөнүндө маалымат

**«Мээрбан» электрондук тиркемеси 2023-жылы Кыргыз Республикасынын Медициналык колледждер ассоциациясынын (КМКА) сунушу жана демилгеси менен ишке ашырыла баштаган.**

**2024-жылы финансылык каржылоонун жетишсиздигине байланыштуу «Мээрбан» тиркемесинин автоматтык техникалык программалык камсыздоо комплекси үчүн төлөмдөр жүргүзүлбөгөндүктөн, тиркеме өчүрүлгөн жана ага мурда киргизилген маалыматтардын топтому жоголгон.**

**2025-жылы «Мээрбан» тиркемеси толугу менен кайрадан оңдолуп, жаңылануу менен ишке киргизилди.**
**КМКАнын жалпы жыйынынын чечимине ылайык:**

- **окутуучулар үчүн КМКАга мүчөлүк взносу 300 сомдон 100 сомго чейин кыскартылды;**
- **КМКАнын мүчөлүгүнө студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү кошуу маселеси алардын жеке макулдугу жана ыктыярынын негизинде жүзөгө ашырылат;**
- **студенттер жана бүтүрүүчүлөр «Мээрбан» тиркемесине 100 сом өлчөмүндө мүчөлүк взнос төлөө менен тиркемени толук колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат.**

**Тиркеменин мазмуну:**

**Студенттер үчүн:**
**- бардык адистиктер боюнча электрондук китептердин топтому;**
**- тесттик суроолор;**
**- силлабустар;**
**- окуу-методикалык колдонмолор жана башка материалдар.**


**Окутуучулар үчүн:**
**- окуу программалары;**
**- окуу-методикалык колдонмолор;**
**- инновациялык окутуу ыкмалары;**
**- окуу пландар, СОП, мамлекеттик стандарттар жана башка керектүү нормативдик-методикалык материалдар.**


**Азыркы учурда «Мээрбан» тиркемесинин алкагында акылдуу интеллект (AI) бөлүмүн түзүү боюнча иштер башталды. Бул бөлүм автоматтык түрдө окуу-методикалык комплекстер, силлабустар, шилтемелер, видеофильмдер, тесттердин топтому жана башка керектүү материалдар менен камсыз кылуучу программалык модул менен иштөөсү 2026-жылга пландаштырылган.**
**Ошондой эле 2027-жылдан тартып бардык документтер толугу менен электрондук форматка өтөт.**

## Медициналык билим берүүдө санариптик чечимдер: «Мээрбан» тиркемеси боюнча медициналык колледждердин жетекчилери жана жумушчу топ үчүн онлайн жана офлайн семинарлар өткөрүлдү

Медициналык билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана билимге жетүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү максатында, Кыргызстандын Медициналык колледждер ассоциациясы «Мээрбан» мобилдик тиркемесин жайылтуу боюнча иш-чараларды улантууда.

2025-жылдын июнь айында КМКАнын демилгеси менен медициналык колледждердин директорлору, жумушчу топ жана окутуучулары үчүн онлайн форматта кезектеги семинар болуп өттү. Бул семинардын негизги максаты — билим берүү процесстерин санариптештирүү аркылуу аймактык колледждердин потенциалын жогорулатуу жана заманбап билим берүү ресурстары менен камсыздоо болду.



**Кыргызстандын медициналык билим берүү тармагында санариптик технологияларды кеңири жайылтуу максатында иштелип чыккан «Мээрбан» электрондук тиркемеси боюнча кезектеги маалыматтык семинарлар 2025-жылдын 19-июнь, 24-июнь күндөрү Ош жана Жалал-Абад шаарларындагы медициниалык колледждерде ийгиликтүү өткөрүлдү. Семинар  төмөндөгү медициналык колледждерде уюштурулду:**

- **Жалал-Абад медициналык колледжи**
- **Б.Осмонов атындагы ЖАМУ нун медициналык колледжи**
- **К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин медициналык колледжи**
- **ОшМУнун медициналык колледжи**
- **Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин медициналык колледжи**
- **Ош медициналык колледжи**








# КМКАнын республикалык олимпиадасы – 2025

*2025-жыл 30-май күнү* **Кыргызстандагы медициналык колледждердин Ассоциациясынын** демилгеси жана КР Саламаттык сактоо министрлигинин колдоосу менен орто медициналык кадрларды даярдоонун сапатын жогорулатуу жана медициналык колледждер ортосундагы өз ара кызматташтыкты өнүктүрүү максатында **“Медициналык айым иши” жана “Фармация”** адистиктери боюнча **Республикалык олимпиада** өткөрүлдү.

Олимпиаданын жеңүүчүлөрүнө Саламаттык сактоо министринин орун басары Арыкбаева Бубужан Камчыбековна жана КМКАнын төрагасы О.Т.Станбаев **Дипломдорду**, **акчалай сыйлыктарды** жана **баалуу белектерди** тапшырышты.









# КМКАнын республикалык олимпиаданын жыйынтыгы

***Фармация адистиги боюнча:***

- **1-орун** — Эргешова Ширинкан Усеновна *(ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжи)*
- **2-орун** — Абдасова Диана Александровна *(Кара-Кол медициналык колледжи)*
- **3-орун** — Блогерцева Екатерина Андреевна *(Кара-Балта медициналык колледжи)*
- **3-орун** — Руслан кызы Адинай *(Нарын медициналык колледжи)*

***Медициналык айым иши адистиги боюнча:***

- **1-орун** — Жетимишова Нурайым Жетимишовна *(Нарын медициналык колледжи)*
- **2-орун** — Шерстюк Анастасия Леонидовна *(Кара-Балта медициналык колледжи)*
- **3-орун** — Надырбекова Аида Тилекбаевна *(Токмок медициналык колледжи)*
- **3-орун** — Дженышбек кызы Ленура *(Майлуу-Суу медициналык колледжи)*
- **3-орун** — Асанкадырова Бегимай Баратовна *(Кара-Кол медициналык колледжи)*






# Талас медициналык колледжинин 70 жылдык маарекесине карата волейбол боюнча КМКАнын Кубогу

**Кыргызстандын медициналык билим берүү тармагындагы көрүнүктүү окуу жайларынын бири — Талас медициналык колледжи быйылкы жылы өзүнүн 70 жылдык маарaкесин кеңири белгилөөдө. Маарекенин алкагында бир катар масштабдуу маданий, илимий жана спорттук иш-чаралар уюштурулуп, алардын ичинен эң көңүл бурган иш-чаралардын бири – бул волейбол боюнча Кыргызстандагы медициналык колледждердин Ассоциациясынын кубогу болду. Талас медициналык колледжинин 70 жылдыгынын урматына арналган бул иш-чара — билим менен кошо ден соолукту да колдогон, руханий жана кесиптик биримдикти бекемдеген чоң майрамга айланды!**

**Мелдештин жыйынтыгы менен жеңүүчү командаларга акчалай сыйлыктар, Ассоциациянын атайын Кубогу, Дипломдор жана медалдар тапшырылды. Мындан тышкары, ар бир командадан өзгөчөлөнгөн оюнчулар төмөнкү номинациялар боюнча белгиленип, мыкты оюнчу наамдары жана сыйлыктары менен сыйланышты.**





**Оюндар курч атаандаштыкта, бирок достук маанайда өтүп, төмөнкү жыйынтыктар чыгарылды:**

- **1-орун** — ОшМУнун медициналык колледжи
- **2-орун —** Нарын медициналык колледжи
- **3-орун** — Кызыл-Кыя медициналык колледжи, Ош медициналык колледжи, Ш.Токтоматов атында ЭАУтин медколледжи.













# 2025-жылы иштелип чыккан жана бекитилген негизги ченемдик-укуктук актылар

**2025-жылы ченемдик-укуктук актылардын алкагында КМКА тарабынан медициналык колледждер боюнча рейтинг жүргүзүүнүн жобосу, КМКАнын илимий-практикалык электрондук журналынын жобосу иштелип чыгып бекитилди.**

**Ошондой эле:**
**- МАны өткөрүү боюнча апелляциялык комиссиянын жобосу;**
**- техникалык катчынын функционалдык милдеттери;**
**- дисциплиналар аралык тесттерди түзүү тартиби;**
**- практикалык көндүмдөрдү өткөрүү жана баалоо критерийлеринин жоболору иштелип чыгып бекитилип, колдонуууга сунушталды;**
**- клиникалык насаатчылар боюнча жобо бекитүүгө жөнөтүлдү.**

**Жогоруда көрсөтүлгөн бардык документтер КМКАнын расмий сайтына жайгаштырылды.**

# Кыргыз Республикасынын медициналык колледждердин окутуучулук курамынын кадрдык потенциалы боюнча аналитикалык отчету

**Кыргыз Республикасынын медициналык колледждеринин кесиптик-окутуучулук курамына жүргүзүлгөн талдоонун жыйынтыгында, жалпы окутуучулардын саны 1584 адамды түзгөндүгү аныкталды.**




**Окутуучу-профессордук курамдын түзүмү:**

- **Жогорку медициналык билим – 43,56 %**
- **Жогорку медайымдык билим – 4,48 %**
- **Орто медициналык билим – 6,31 %**
- **Жогорку медициналык эмес билим – 21,15 %**
- **Орто медициналык кошумча жогорку медициналык эмес билим – 10,10 %**
- **Кошумча иштегендер – 14,39 %**

**Акыркы 5 жылдагы талдоо жогорку медайымдык билими бар окутуучулардын саны жылына 1% га чейин аз гана өскөнүн көрсөтөт, ал эми орто медициналык жана медициналык эмес билими бар окутуучулардын саны жыл сайын болжол менен 2% га көбөйүүдө.**

**Жогорку медайымдык билим берүүсү бар кадрларды даярдоо маселесин чечүү максатында 2024-жылдан баштап Медициналык академияда бакалавриат программалары ишке ашырыла баштады, ал эми 2025-жылдан тартып ОшМУда ишке ашырылат. Өндүрүштөн үзгүлтүксүз, аралыктан-гибриддик окутуу формасын киргизүүгө даярдыктар көрүлүүдө. Профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу жана жасалма интеллектти жана электрондук тренажерлорду колдонуу менен инновациялык билим берүү технологияларын киргизүү артыкчылыктуу милдет болуп кала берет.**

# Кыргыз Республикасындагы орто медициналык билим берүүнү реформалоо боюнча СУНУШТАР

1. **Бардык адистиктер боюнча окуу пландарын кайра карап чыгуу**

**Медайымдык иш боюнча пилоттук эксперименттик программанын алынган оң натыйжаларын эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин № 371 токтомунун негизинде орто медициналык билим берүүнүн бардык адистиктери боюнча окуу пландарын кайра карап чыгуу зарыл.**

**2. 12 жылдык мектептик билим берүүгө өтүүгө байланыштуу окуу мөөнөттөрүн өзгөртүү.** **Жалпы билим берүүчү мектептин 12 жылдык окууга өтүүсүн эске алуу менен медициналык колледждерде окуу мөөнөттөрүн кайра карап чыгуу, аудиториялык жана практикалык жүктөмдүн оптималдуу бөлүштүрүлүшүн камсыз кылуу.**

**3. Негизги жалпы билим берүүнүн базасында кабыл алууну кайра баштоо**

**«Билим берүү жөнүндө» мыйзамга ылайык, медициналык колледждерге негизги жалпы билим берүүнүн негизинде (9-классты аяктагандан кийин) кабыл алууну кайра баштоо.**

**4. Орто медициналык билим берүү (СПО) программалары менен бакалавриаттын ортосундагы байланышты камсыз кылуу**

**Медициналык колледждердин бүтүрүүчүлөрү жогорку окуу жайларына тапшырганда академиялык айырманы максималдуу түрдө азайтуу максатында орто медициналык билим берүү (СПО) программаларынын жана медайымдык жана акушердик иш боюнча бакалавриат программаларынын үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу.**

**5. Мамлекеттик компонентти оптималдаштыруу**

**12 жылдык окууга өтүүгө байланыштуу билим берүү программаларынын мамлекеттик компоненттерин кайра карап чыгып, "Кыргызстандын тарыхы", "География", "Манас таануу" дисциплиналарын мектеп программасына өткөрүп берүү.**

# Кыргыз Республикасындагы орто медициналык билим берүүнү реформалоо боюнча СУНУШТАР

**6. «Медайымдык процессте жасалма интеллектти (ЖИ) колдонуу» модулун киргизүү**

**Студенттерди клиникалык практикада санариптик жана интеллектуалдык технологияларды колдонууга даярдоо үчүн билим берүү программаларына медайымдык процессте жасалма интеллектти колдонуу боюнча дисциплина киргизүү.**

**7. Жасалма интеллект жана электрондук медициналык технологиялар боюнча методикалык борборду түзүү**

**Медициналык колледждерде жасалма интеллектти, маалыматтык технологияларды жана электрондук саламаттыкты сактоо системаларын колдонуу боюнча методикалык борбор түзүү.**

**8. Эл аралык мейкиндикке интеграцияланган билим берүү программаларын иштеп чыгуу**

**Эл аралык талаптарга жооп берген жана адистерди даярдоонун сапатын жогорулатууга мүмкүндүк берген заманбап билим берүү программаларын иштеп чыгуу.**

**9. Материалдык-техникалык базаны жана симуляциялык борборлорду чыңдоо**

**Укрепить материально-техническую базу медицинских колледжей, оснастить симуляционные центры современными манекенами, фантомами, электронными тренажёрами и инновационным оборудованием.**

**10. Клиникалык устаттык институтун түзүү**

**Клиникалык базаларда практикага багытталган окутууну киргизүү менен клиникалык насаатчылык институтун түзүү, студенттер менен насаатчылардын ортосундагы оптималдуу катышты камсыз кылуу.**

# РАХМАТ